# Апам качан келет?



Автор: Пратхиба Сваминатхан

Сүрөтчү: Аланкрита Амая

Которгон жана адаптациялаган: Нургыз Туйтеева

# Апам качан келет?

Автор: Пратхиба Сваминатхан
Сүрөтчү: Аланкрита Амая
Которгон жана адаптациялаган: Нургыз Туйтеева

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Апам качан келет?" (кыргыз тилинде), Нургыз Туйтеева тарабынан которулуп адаптацияланган, сүрөттөрдү адаптациялаган Айгүл Мадлымбекова. When will Amma be back? (англисче), чыгарманын негизинде, автору Prathiba Swaminathan, сүрөтчүсү Alankrita Amaya, Pratham Books © 2007 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/27121-when-will-amma-be-back

This publication is made possible by the support of the American People through the United States Agency for International Development (USAID) under Contract No. 72011519C00004 IBE-KR. The content does not necessarily reflect the views of USAID or the U.S. Government.

Created with Bloom




Кичинекей Роза капалуу отурат. Себеби апасы жумушка барат.

– Мен кеч келем, – деди апасы.



– Саат канчада келесиз?

– деп сурады Роза.

– Кечки саат 9да келем,

– деди апасы.

«Чык, чык! Чык, чык!»

Саат таңкы 7 эле болду.



– Ата, эмне үчүн апам берген сүт таттуу болот? – деп Роза атасынан сурады.

«Чык, чык! Чык, чык!» Саат эртең мененки 8 эле болду.



– Чоң ата, картошка алалыбы? – деди Роза чоң атасына.


– Картошканы кечээ жегенбиз. Бүгүн баклажандан тамак жасайлы, – деди чоң атасы.

"Чык, чык! Чык, чык!" Саат эртең мененки 10 эле болду.




– Байке, келиңиз, тамак жеңиз. Чоң атам ысык жупка жасады, – деп Роза байкесин чакырды.

«Чык, чык! Чык, чык!» Саат түшкү 1 эле болду.



Пиип! Пииип!

Розанын улуу эжеси мектептен келди.

– Кандай сонун!

Роза сүйүнүп, эжесинин алдынан чуркап чыкты.

– Эжеке, байкем мени бир жылдан кийин  мектепке барасың деди.

«Чык, чык! Чык, чык!» Саат күндүзгү 3 эле болду.



– Роза, үйгө кирели, – деди атасы.

– Азыр, ата. Дагы бир аз ойноп алайынчы! – деп суранды Роза.

«Чык, чык! Чык, чык!»

Саат кечки 5 эле болду.




– Селви, тамак же. Чоң, күчтүү болосуң! – деп, Роза итине тамак берди.

«Чык, чык! Чык, чык!» Азыр кечки саат 7 эле болду.



– Ошентип маймылдар калың токойдо, бактарда секирип, ойноп жүргөндө...



– АПАКЕЕЕЕ! – деп
Роза апасын көрүп сүйүнүп,
кыйкырып жиберди.

– Кызым, бүгүн кечке
эмне кылдың? – деди апасы.


«Чык, чык! Чык, чык!»
Азыр саат түнкү 9 болду.

– Апа, мен бүгүн абдан көп жумуш жасадым!

Атам эртең менен мага тамак берди.

Чоң атам экөөбүз базарга бардык.

Түштө чоң атам бизге ысык жупка жасап берди.





Андан кийин эжемди мектептен тосуп келдим.

Атам менен сейил бакка бардым.

Селвиге тамак бердим.

Атам мага жомок окуп берди. Анан сиз келип калдыңыз! – деп, Роза бүгүн жасаган иштерин апасына айтып берди.



«Чык, чык! Чык, чык!»

Азыр саат 9 болду.




Сенин күнүң кандай өттү?

Бүгүн Роза эмне жасады?

Сен кечээ эмне кылдың?

Аткарган иштериңди сүрөткө тарт!

7.00. Роза ойгонду.

Сен кечээ саат канчада турдуң?

8.00. Роза тамактанды.

Сен кечээ саат 8де эмне кылдың эле?

10.00. Роза базарга барды.

Сен кечээ саат 10до эмне кылдың эле?

13.00. Роза түштөнду.

Сен кечээ саат 1де эмне кылдың эле?




15.00. Роза эжекесин мектептен тосуп алды.

Сен кечээ саат 3тө эмне кылдың эле?

17.00. Роза короодо ойноду.

Сен кечээ саат 5те эмне кылдың эле?

19.00. Роза Селвиге тамак берди.

Сен кечээ кечки саат 7де эмне кылдың эле?

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- **2.2 деңгээли**

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли